УДК 821.512.154:82-1
DOI: 10.36979/1694-500X-2024-24-6-90-94

## РОЛЬ С. ЖУСУЕВА В ВОЗНИКНОВЕНИИ И РАЗВИТИИ ФОРМЫ СОНЕТА В КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ

***Н.Б. Омурзакова***

*Аннотация*. Изучена история возникновения и развития формы сонета в кыргызской поэзии. Цель исследования – на основании научно-теоретических и поэтических примеров определить, через какие этапы литературного процесса прошёл сонет как форма канонической поэзии. На примере творчества С. Жусуева показан вклад поэта в развитие сонета и так называемого венка сонетов как поэтической формы, отмечено его поэтическое мастерство. Следует признать, что в кыргызской поэзии и до, и после С. Жусуева также обращались к этой форме, хотя его вклад в развитие сонета неоценим. Автор в своей статье опирается на поэтические примеры и приходит к выводу, что, несмотря на канонические сложности, в чём признавался сам поэт, он в своём творчестве смог развить эту форму.

*Ключевые слова:* литература; поэзия; рифма; ритм; поэтика; сонет; венок сонетов; катрен; терцет; четырнадцатистишие; тезис; антитезис; синтез.

## КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ СОНЕТ ФОРМАСЫНЫН ПАЙДА БОЛУУСУНДА ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮНДӨ С. ЖУСУЕВДИН АКЫНДЫК ОРДУ

***Н.Б. Омурзакова***

*Аннотация*. Аталган макала кыргыз поэзиясында сонет формасынын пайда болуусун жана өнүгүүсүн иликтейт. Изилдөөнүн максаты – илимий-теориялык ойлордун, адабий процесстин негизинде сонеттин форма катары басып өткөн жолун аныктоо. Анын өсүп-өнүгүүсүндө С. Жусуевдин поэтикалык чеберчилигин, анын чыгармачылыгындагы изденүүлөрүн белгилөө. Кыргыз поэзиясында сонеттин, сонеттер алкагынын поэтикалык форма катары жаралышында С. Жусуевдин акындык чеберчилигинин өзгөчө орунга ээ болгондугун аныктайт. Кыргыз поэзиясында С. Жусуевге чейин да, кийин да, сонеттердин үлгүлөрү жаралган, бирок ошого карабастан, формалык түзүлүшү, схемалык уйкаштыгы жагынан сонеттин ички мыйзамына баш ийүү менен алкактын да эрежелеринен алыстабай жазуу өтө оор болгон. Акын поэзия айдыңында өзүнүн чыгармачылык изденүүлөрү менен сонет формасын өркүндөттү, өстүрдү. Улуттук адабий процессте сонеттин үлгүлөрү жазылганы менен алар кенен адабий иликтөөгө алынган эмес. Автор берилген мисалдардын негизинде адабий-теориялык, практикалык анализдерин жүргүзүүгө аракет жасайт.

*Түйүндүү сөздөр:* адабият; поэзия; уйкаштык; ыргак; поэтика; сонет; сонеттер алкагы; катрен; терцет; он төрт сап; тезис; антитезис; синтез.

## THE ROLE OF S. ZHUSUEV IN THE EMERGENCE AND DEVELOPMENT OF THE SONNET FORM IN KYRGYZ POETRY

***N.B. Omurzakova***

*Abstract*. This article is devoted to the definition of the emergence and development of sonnets in Kyrgyz poetry. The purpose of the research is to determine, on the basis of scientific and theoretical thoughts and poetic examples, what literary process passed sonnet as a form of canonical poetry. Note the poetic mastery, creative search of the poet in the development of sonnets and wreaths sonnets, as a poetic form. In Kyrgyz poetry before and after S.Zhusuev addressed this form. It is very difficult to endure the internal development and poetic form of the sonnet. The author relies on poetic examples in his article and concludes that despite the canonical difficulties the poet has developed this form.

*Keywords:* literature; poetry; rhyme; rhythm; poetics; sonnet; wreath of sonnets; katren; tercet; fourteen lines; thesis; antithesis; synthesis.

Көптөгөн эмгектердин автору, Бүткүл союздук А. Фадеев атындагы сыйлыктын лауреаты, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси, кыргыз элинин эл акыны Сооронбай Жусуевдин чыгармачылыгы көп кырдуу.

Элине кайталангыс руханий байлыкты калтырган, кыргыз поэзиясынын өнүгүүсүнө эбегейсиз салым кошкон акын Сооронбай Жусуев 1925-жылы 15-майда Кара-Кулжа районундагы Алай-Куу өрөөнүндө жайгашкан Кызыл-Жар кыштагында туулган. Бул тууралуу акын "Өмүр кызык" аттуу ырында мындайча жазат:

Алайкуунун айдыңында туулгам,
Алайкуунун жамгырына жуунгам.
Канат кагып учуп чыккам үмүттүү,
Касиеттүү Алайкуу аттуу туурдан.
Ар кыл, ар кыл адыр аштым, кырды аштым,
Ак мөңгүлүү тоолор менен сырдаштым.
Асмандагы жылдыздардан ой терип,
Аскалардын беттерине ыр жаздым [1, 102-б.].

Ырас, алтымыш жылдан ашуун чыгармачылык өмүрдү башынан өткөргөн акын чыгармачылык түйшүктүү өмүрдүн кыйынчылыгын да, бакытын да баштан кечирди. Түмөн түйшүк менен жаралган акындын чыгармачылык бай казынасы, анын өмүр жолу илимий-иликтөөлөргө алынып, адабиятчылардын кызыгуусун жаратып келгендиги талашсыз. Акындын ар бир поэтикалык чыгармасы окурмандардын талкуусуна алынып, адабиятчылардын илимий иликтөөлөрүнүн объектиси болуп келет. Бул көрүнүштүн өзү Сооронбай Жусуевдин чыгармалары улуттук адабий кенчке айланганын күбөлөйт.

50-жылдары улуттук поэзиябызга жаш таланттар келип кошулуп, С. Эралиев, Б. Сарногоев, С. Жусуев сыяктуу акындардын жаңы толкуну көркөм адабий айдыңды толуктады. Мезгил өткөн сайын алардын чыгармачылыгы улам жетилип, 60-жылдары кыргыз поэзиясында ийгиликтерди жаратып, улуттук поэзиядагы ар кандай изденүүлөрдүн жаңылыктарын өздөрүнүн чыгармаларында көрсөтө алды.

Өз доорунун эң мыкты өкүлдөрүнүн бири Сооронбай Жусуев болуп эсептелинет. Поэзия – бул Кудайдан адамга берилген кайталангыс шыбага, бакыт. Бул өмүрүндө не деген түйшөлүү, канааттанбай изденүү, тапкан бир сап ырынан бакыт алуу. Акын да жарым кылымдан ашык чыгармачылык өмүрүндө, албетте, не деген оош-кыйыштарды башынан өткөрдү, талыкпай эмгектенди:

"Ыр издейм сан жалбырак, тамырлардан,
Ыр издейм кызгалдактуу адырлардан.
Ыр табам күлүңдөгөн Күн нурунан,
Ыр табам чартылдаган чагылгандан..." [1, 176-б.], – деп изденип жүрөгүнө жаккан ыр сабын тапканда олжолуу болуп кубанды. Анын натыйжасында эч кимге окшобогон оригиналдуу, эч кимге окшобогон, кайталанбаган поэтикалык туундулары менен окурмандардын жүрөгүнөн түнөк таап, калың журттун кадырына ээ болду.

Акындын чыгармачылыгын ар кыл темадагы: согуш, табият, философиялык, назик сезим уялаган лирикалык майда ырлардан тарта дас-тан, ыр түрүндөгү роман сыяктуу эпикалык туундулар камтыйт. Таасирдүү, элестүү, терең мазмундуу чыгармалар бир топ эмгектенүүдөн улам жаралды. М. Горький атындагы Адабият институтунда билим алуусу, көркөм котормо менен иш алып баруусу акын үчүн чоң адабий тажрыйба болду деп айтсак жаңылыштык болбостур. Өз учурунда кыргыз окурмандарына Шекспирдин, Пушкиндин, Лермонтовдун, Шевченконун, Леся Украинканын, Абайдын, Омар Хайямдын, Есениндин, Гамзатовдун, Кулиевдин ж. б. чыгармаларын кыргыз тилине которуп, тартуулады. Бул көркөм котормолорду элине тартуулоо менен акын өзүнүн чыгармачылык диапазонун кеңейтип, улуттук адабиятты жаңы көрүнүштөр менен байытып, поэзиянын жаны формаларын, поэтикалык ойду чагылдыруунун жаңы ыкмаларын кыргыз адабиятына профессионалдык деңгээлде киргизе алды.

Профессионалдык адабиятта бир элдин маданияты экинчи бир элге таасирин тийгизбей койбойт. Кыргыз калемгерлери үчүн мурда Чыгыш поэзиясынын формалары жакын болуп, кызыгуу жаратып келген болсо, кийинки 50–60-жылдары Батыш поэзиясынын формаларына өзгөчө көңүл бурулуп, алардын үлгүлөрүн үйрөнүүгө ынтызар болушат.

Сооронбай Жусуев да, замандын агымына ылайык ар түрдүү формаларга аң-сезимдүү кайрыла баштайт, тааныш эмес формаларды таанып

билүүгө болгон билимин жумшайт. 50-жылдары М. Горький атындагы Адабий институтта окуп жүрүп, орус, батыш адабияты менен кенен таанышып, мурда жолуктура элек поэтикалык форма, өзгөчө түзүлүшкө ээ ыр формасы сонет акындын көнүлүн өзүнө буруп, кызыгууну жаратат.

Ал учурду акын мындайча: "1951–1956-жылдары мен Москва шаарындагы Максим Горький атындагы Адабият институтунда окуп жүргөн кезимде бүткүл дүйнөлүк поэзиянын мен башта тааныша элек поэзиянын жаңы формалары менен таанышууга туура келген. Мен үчүн поэзиянын бейтааныш формасы сонет болучу. Сонет мени абдан кызыктырган. Поэзиядагы сонеттерди кыргыз поэзиясына киргизип, колдонуу жөнүндө бир топ ойлонгонмун. Бирок ал мезгилде мындай жоопкерчиликтүү чыгармачылык ишке киришүүгө менин шартым жок экендигин сезгенмин. Сонет жазууга акындык чебердигим жана тажрыйбам жете бербестигин баамдап, бул ишти кийинкиге калтырган болчумун" [2], – деп эскерет. Акын кызыккан Батыш поэзиясынын бул формасына өз учурунда көптөгөн кыргыз акындары кызыгып, чыгармачылыгында күч жумшап, эпизоддук болсо да, аталган формада өздөрүнүн акындык дараметтерин сынап көрүшкөн.

Туруктуу Батыш формасынын эң мыкты үлгүлөрүн берген акындардын бири катары С. Жусуевди атасак болот. Поэтикалык форманын дал өзүндөй туруктуулугун, ички мыйзамдарын мыкты сактаган үлгүсүн, алгач Смар Шимеев "Түшкөн жылдыз" [3] аттуу поэтикалык туундусу менен 1945-жылы профессионал жазма адабиятыбызда сонет формасын жаратып, улуттук поэзиянын өнүгүүсүндө өзүнүн кайталангыс изин калтырды. Ал эми чыйыр салынган жолдо С. Жусуев кыргыз поэзиясында сонет формасынын деңгээлин бир топ жогорку тепкичке көтөрөт. Өз чыгармачылыгында 1975-жылы аталган формага кайрылып, сонеттин үлгүлөрүн жаратат.

Бул тууралуу акын: "Адабият институтун бүткөндөн эки жыл өткөндөн кийин гана поэзиянын бул татаал формасын өздөштүрө баштагам. Бул жанрда өз ойлорумду айта аламын деп ишенгенимде кириштим. Сонеттерди жазуу менен кыргыз поэзиясына жаңы кайрык, жаңы ойлорду киргизип, кыргыз поэзиясын мазмун жактан да, форма жактан да байытууга аракет жумшаганмын" [2], – деп эскерет. Акындын 1979-жылы "Бийик асман" [4] аттуу китеби сонеттерден, ырлардан, поэмалардан турган жыйнагы жарык көрүп, анда жалаң гана жөнөкөй сонеттер жазылбастан, сонеттин эң оор түрү "Сонеттер алкагын" ("Венок сонетов") жаратат. Анда "Таңдагы ойлор" [1, 206-б.], "Адам менен табийгат" [1, 49-б.], "Кубанычˮ [1, 214-б.], "Бейпил түндө" [4, 65-б.], "Мамиле" [1, 223-б.] деген аталыштагы беш сонеттер алкагы жарыяланат. Сонеттин бул формасы эң татаал түр. Поэтикалык форма акындан өзгөчө чыгармачылыкты, ыр жаратуунун ички мыйзамдарын мыкты колдоно билүүнү, акындык чеберчиликти, акындык интуицияны талап кылган туруктуу форма.

Бирок ошого карабастан, С. Жусуев сонет формасында өзүнүн поэтикалык жетишкендиктерин, акындык чеберчилигин көрсөтө алды. Чебер акын катары сонеттер алкагына мүнөздүү болгон белгилерин, ырдык өзгөчөлүктөрүн талапка ылайык толук сактоо менен ички мыйзамына ылайык акындык ойдун чагылдырылышын тезис-синтездик законченемдүүлүктү ырааттуу сактайт. Акындын сонеттер алкагы 15 сонеттен туруп, биринчи сонеттин акыркы ыр сабы экинчи сонеттин биринчи ыр сабында кайталанып, 14 сонеттүү шакекчени түздү. Сонеттер алкагынын негизги белгиси, дал ушундай шакекчени түзүү болуп саналат. Андан дагы 14-сонеттин акыркы ыр сабы биринчи сонеттин биринчи строфасын кайталоо менен шакекче аяктап, 15-сонет магистрал башталат. Сонеттеги магистрал дегени – бул кайра 14 сонетти түзгөн ырлардын биринчи ыр саптарынан бир сонеттин түзүлүүсү шарт.

Тактап айтканда, эң биринчи сонеттин биринчи ыр сабы магистралдын биринчи ыр сабы менен башталып, экинчи ыр сабы менен аяктайт, экинчи сонет магистралдын экинчи ыр сабы менен башталып, үчүнчү ыр сабы менен аяктайт жана ушул сыяктуу болуп уланып кете берет. Он төртүнчү сонет магистралдын он төртүнчү ыр сабы менен аяктайт да, венок бүригет. Бул биринчи караганда, сонеттер жазылып, бири бирине улангандай көрүнгөнү менен анда, тескерисинче, алкакта магистрал биринчи жазылып,

андан соң анын ар бир сабы өз алдынча сонетти ачып чыгуусу зарыл. Анткени сонет магистрал бүтүндөй алкактын ачкычы. Мисалга “Таңдагы ойлор” сонеттер алкагынын магистралын келтирсек:

Таң агарды жердин жүзүн жуугандай.
Таңды тоскун нээтиң менен таптаза.
Жакшы досуң таңдай нурлуу туу кармай
Дайым таңдай тазалыгын сактаса...

Дил айтканды бурмалабай тил айтса,
Ыйык көрүп катып жүргөн бек сактап.
Досуң ошол – кемтигиңди ким айтса,
Алгын муну көкүрөккө бек жаттап.

Бар күчүңдү эмгек үчүн пайдалан,
Эр белгиси – ар намыстан тайбаган,
Эргип жеткин алдагы асыл максатка.

Эмгек гана адам баркын көтөрөт,
Эр милдети – элге кызмат өтөмөк,
Ашыгып жет адам деген жакшы атка! [1, 206-б.].

Жогоруда көрсөтүлгөн магистралдын ар бир ыр сабынан катары менен мазмундук жана формалык жактан өз алдынча, көз карандысыз 14 саптан сонет түзүлөт.

Албетте, бул шакекчеде бүтүндөй бир ой сыйдырылып, ар бир ыр сабы бири-бирин улап, алардын жыйынтыгында бир бүтүн, толук ойду камтыган сонеттин пайда болуусу чоң акындык чеберчиликти талап кылат. Форманын канондук эрежелери катуу болгондугуна байланыштуу айрым элементтеринде толук мыйзамдуулук бузулуп калган учурлар болушу ыктымал. Акындын сонеттер алкагында сонеттин архитектоникасы, тактап айтканда, сонеттин ички мазмунундагы ички диалектикалык өнүгүү, ойдун карама-каршылыгы катрендердеги тезис – антитезис, терцеттердеги синтез сакталбай калган учурлары кездешерин изилдөөнүн кызыкчылыгында айтып кетүү керек. Поэзиянын мындай эң бир оор формасында чебер акынмын дегендер да, оңой менен өз поэтикалык туундуларын жарата албаганына байланыштуу ага кайрылбаганын изилдөөлөрдөн байкаса болот. Жадагалса, баштагы Союздук республикаларда, ал турсун Россияда “Сонеттер алкактарын” жазган акындар чанда гана экенин баса белгилеп айтсак туура болчудай.

Ал эми С. Жусуевдин өз учурунда аталган формага максаттуу кайрылып, мыкты жетишкендиктерге жетишкени жана аны менен улуттук поэзиянын формалык жактан баюусун камсыз кылып, жогорку деңгээлге көтөргөндүгү талашсыз факт экендиги кубандырат. Сонеттерге кайрылуу акындын улуттук адабиятты байытууга болгон аракети экенин өзү да баса белгилеп: “Мен сонет формасына жаңылык эмес, кыргыз поэзиясын форма жагынан байыткым келген. Ошол менен кыргыз поэзиясынын кеңейишине, байышына өз салымымды кошкум келген” [2], – деп агынан жарылып, бир кездеги тилегин билдирет. Акындын бул баёо тилеги, кыялы орундалып, өзүнүн талыкпаган изденүүлөрүнүн, терең билиминин негизинде улуттук поэзияны толуктап, байытып гана калбастан, аны жаңы тепкичке көтөрүп, аталган форманы өркүндөтүп, аны менен кыргыз адабиятында жаңылык киргизгенин тартынуу менен көмүскөдө калтырат. Ал нерсени окурмандардын, адабиятчылардын, изилдөөчүлөрдүн иликтөөлөрүнө, алардын калыс баасына коёт.

Ал эми бул баа өз учурунда коомчулук тарабынан адилеттүү берилип, өзүнүн татыктуу баасын алып, улуттук поэзияга жаңылык киргизгендиги, акындык чеберчилиги ачык-айкын белгиленди. Себеби, бардык эле поэтикалык ар кандай формаларга, ыкмаларга кайрылган авторлор чыгармалары менен улуттук адабиятка жаңылык киргизип, адабиятта кайталангыс из калтыра албайт. Чыгармачылык сыноодон өзүн жоготуп, башка нукка бурулуп кетүүсү ыктымал жана буга улуттук адабиятыбызда жетишерлик үлгүлөр мисал боло алат. Ал эми акын болсо, тескерисинче, чыгармачылыктын шарында алп урушуп, келечекке үмүттүү багыт алганын: “Сонеттер алкагын” жазгандан кийин өзүмдүн чыгармачылык диапозонум кеңейип, потенциалым өркүндөгөнүн сездим. Келечекте дагы олуттуу чыгармаларды жаратууга көңүлүмдө ишеним пайда болду” [2], – деп чоң чыгармачылык мектеп болгонун баса белгилейт.

Акындык бийиктикке жетүүнүн сырларынын бири катары – автор тарабынан аябагандай көп эмгекти, билимди талап кыларын билебиз

жана бул тууралуу өз оюн акын: "Формасы жана мазмуну жагынан бири бирине уланып, уйкаштыктары сонеттин эрежеси менен так сакталган бул өтө татаал "Сонеттердин алкактарын" жазуу менден чоң чыгармачылык талантты, күчтү, чебердикти, оор эмгекти талап кылды" [2], – деп эскерип билдирет. Бирок ошол эмгек, ошол күч акынга чоң тажрыйба болуп, акындык чеберчилиги артып, формалык өзгөрүүлөрдү талап кылган поэзиянын үлгүлөрүндө виртуоз боло алды. Сонеттин бул кыйын формасында поэзия жаратуу акынга оңой турган жок, ал өзүн "...чыгармачылыктын оор сынагынан өткөрөт. "Сонеттер алкактарын" жазуу үчүн акындык дараметинин жана чыгармачылык резервинин бир тобун жумшаганын" [2] эстегени бар.

С. Жусуев сонеттер алкагын өз-өзүнчө тема кылып жазып, бир сонеттер алкагына эки жүз он ыр сабын сыйдырат. Мисалы, "Таңдагы ойлор" [1, 206-б.] сонеттер алкагына токтолсок. Бул сонеттер алкагында адамкерчилик, достук даңазаланат. Адамдар ортосундагы байланышты, достукту ийне-жибине чейин аңтарып, окурман астына таасын тартып, адамкерчиликти бийик тутууга үндөйт. Адамдык сапаттарды сактоо, ага өзгөчө көңүл бөлүү акындын чыгармачылыгынын негизги кредосу болуп саналат. Ал негизинен реалдуу турмуш казанында кайнаган ойлордон, көрүнүштөрдөн улам жаралып, жогорку көркөмдүккө айлангандыктан, адамды ойго салат, ыр саптары сезимине сезим, оюна ой кошот.

Акын чыгармаларында өз оюн окурманга таңуулап тыянак чыгара бербейт, анын ойжүгүртүүсүнө, дүйнө таанымына, эстетикалык даярдыгына таянат. Формалык түзүлүшү, схемалык уйкаштыгы жагынан сонеттин ички мыйзамына баш ийүү менен алкактын да эрежелеринен алыстаган эмес. Демек, С. Жусуев поэзия айдыңында өзүнүн чыгармачылык изденүүлөрү менен сонет формасын өркүндөттү, өстүрдү. Жетимишинчи жылдары акындын сонеттери жана беш сонеттер алкактарынын жарык көрүшү профессионал жазма поэзиясындагы жаңычылдык жана ал үчүн чоң жетишкендик болгонун баса белгилеп кетким келет.

Поступила: 11.01.24; рецензирована: 25.01.24; принята: 29.01.24.

***Литература***

1. *Жусуев С.* Өмүр кызык. "Окурмандын китеп текчеси" сериясы / С. Жусуев. Бишкек: Турар, 2018.
2. Н.Б. Омурзакованын жеке архиви / Сооронбай Жусуев [Маек]. 2000.
3. *Шимеев С.* Сонеттер / С. Шимеев. Фрунзе: Мектеп, 1972.
4. *Жусуев С.* Бийик асман: сонеттер, ырлар, поэмалар / С. Жусуев. Фрунзе: Мектеп, 1979.